**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**
АРАВАН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
АРАВАНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

**ЧЕЧИМ № 15**

Араван айылы

14-апрель 2021-жыл

Катышышты:
Араван АШКнын төрагасы: Алибекова Ф.
Араван АШКнын катчысы: Халилова А.

Чогулушка катышкан комиссия мүчөлөрү: Юнусалиев Х, Сайибжанов Т., Ташходжаев Р., Арапова К., Ганиев Ф., Ахмадалиев А., Амракулов Ж, Кадиров С, Жеенбаева А., Гапиржанова М.

КРнын БШКсынын Араван АШКдагы сист.администратору Шамшидинов Р.А

## КҮН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕ:

1. **"Клооп Медиа" коомдук фондунан келип түшкөн маалыматтар боюнча**

Угулду: Араван АШКнын төрагасы Ф.Алибекова 2021-жылдын 11-апрелинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Араван аймыктык шайлоо комиссиясына КРнын Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан УШК №5343 Мангыт жана УШК №5358 Тепе-Коргон шайлоо комиссиясынын үстүнөн "Клооп Медиа" коомдук фондунан маалыматтар келип түшкөн.

"Клооп Медиа" коомдук фонду өзүнүн маалыматында №5343 шайлоо участкасында урнанын жанында башка адам турат деп көрсөткөн.

№5343 УШКнын төрагасынан түшүнүк кат алынып "Шайлоо күнү шайлоо участкасына жашы чон эже небере кызы менен шайлоодон өтүү үчүн келишип, көзү начар көргөндүктөн жардам берүүсү өтүнгөн. Энеси бюллетенди алып белгиленгенге кабинага барганда небереси жардам берип турган жерин сүрөкө тартып алган мына ушул учурду байкоочулар урнанын жанында жат адам турат деп ойлошуп, туура эмес маалымат берилген".

Сөзгө чыккан Ж.Амракулов – жашы улуу эже шайлоо өтүүчү жайга небереси жардам берсин деп суранган болсо ага уруксат бергени негизи туура бирок мызамда мындайга жол берилбейт да. Бирок айыл жеринде айла жок кээде мындай шарттарды эгер добуш берүүнүн купуялуулугуна таасир бербесе бирок мындан кийин мындайларга жол берилбеши керек. Урнанын жанынан небересин алысыраак тур деп эскертиши керек эле. деп белгиледи.

Ал эми №5358 УШКдагы маселени объективдүү кароо үчүн жыйынга УШКнын төрагасы Тешебаева Саходат чакырылган, анда ал: "Шайлоо күнү 10-20лар чамасында автоматтык эсептөөчү урнага шайлоо бюллетени тыгылып калгандыгын. АСУ операторлору техникалык колдоо тобун чакырышып, ал АСУдагы тыгылып калган шайлоо бюллетенин чыгарып АСУнун сканеринин капкагын жаап бюллетенди кайра салдырган. Добуш берүү штаттык негизде улантылган. Мына ушул мезгилде байкоочулар шайлоо бюллетенин сыртка топтоп жатат деп туура эмес маалымат берилген. (Акт тиркелет).

Жогорудагылардын негизинде, "Клооп Медиа" коомдук фондунун маалыматтарында көрсөтүлгөн техникалык кемчиликтер добуш берүүнүн жыйынтыгына таасир бербегендигине, жогорудагы шайлоо комиссияларынын төрагаларына чара көрүүгө эч кандай негиз жок болгондугуна байланыштуу колго салынып

Макул "12", Каршы "0" УШК төрагаларына чара көрүүгө негиз жок деп бир добуштан кабыл алынып

Араван аймактык шайлоо комиссиясынын отуруму

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. “Клооп-Медиа” коомдук фондунун маалыматтарында көрсөтүлгөн техникалык кемчиликтер добуш берүүнүн жыйынтыгына таасир бербегендиги, ошондой эле шайлоо комиссияларында шайлоонун жүрүшүндө мыйзам бузуулар болбогондугуна байланыштуу №5343, №5358 шайлоо комиссиясынын төрагаларына чара көрүү сунушунан баш тартылысын.
2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына билдирилсин.

Араван АШКнын төрагасы: Алибекова Ф.К.

Араван АШКнын катчысы: Халилова А.З.